# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ

**ЖУМАЛИЕВ САМАТ,**
*ф.и.к., доцент, Талас университети*

“Манас” эпосунда жер-суу аталыштарынын саны абдан арбын кездешет жана анын географиялык ареалы кеңири аймакты кучагына алат. Атап айтканда: Кыргызстанга, Жети-Суугa, Жунгарияга, Чыгыш Түркстанга, Алтайга, Монголияга, Орто Азияга, Борбордук Азияга, Кытайга, Манжурияга, Арабияга жана Чыгыш Европага чейинки таралган жер-суу аталыштарын жолуктурууга болот. Айрыкча С.Орозбаковдун “Манасында” 600гө жакын жер-суу аталыштары орун алса, ага салыштырмалуу С.Каралаевдин вариантында 160га жакын гана жер-суу аталыштары жолугат. “Манас” эпосундагы ушундай жер-суу аталыштарына*: Амур, Арпа, Байкөл, Багдат, Булагасын, Жылдыз, Ималай, Испара, Кара-Кум, Кара-Тегин, Кара-Тоо, Каркыра, Кенжут, Кордой, Көтмалды, Кыйба, Аземил, Айдың-Көл, Аксы, Алай, Ала-Көл, Алтай, Арал, Бабыл, Багдат, Бакбурчун, Баргана, Барбар, Бээжин, Губий-Шаму, Даңгир, Даркан, Жамбыл, Желпиниш, Жамыра, Жаркен, Иле, Какан, Канды, Кантон, Каңгай, Капас, Кашкар, Кожент, Кокон, Коңгу, Котон, Көйкап, Көкө-Ноор, Кулжа, Кумул, Лоп, Манжу, Мар, Маргалаң, Кырым, Мухит, Мургап, Мисир, Сок, Сыр-Дайра, Текес, Турпан, Нура, Нарын, Ополтоо, Оркун, Саяң, Самаркан, Сары-Арка, Сашаң-Көл, Суушаң, Талас, Таңшут, Тарбагатай, Тарлан, Ташкен, Тебит, Түркстан, Урум, Уркун, Кыяз, Чаркастан, Арпа, Каркыра, Чүй, Чынмачын, Шибер, Шыйкуу, Ындыстан, Ооган, Меке, Медиян, Ыспан, Эртиш, Ысык-Көл, Эсил ж.б.с.* арбын аталыштарды санап көрсөтүүгө болот.

Бул топоним, гидронимдерден көрүнүп тургандай, эпостогу окуялардын жүрүшүнүн территориялык алкагы Евразиянын кеңири аймагында болуп өткөндүгүнөн жана кыргыз элинин ар кайсы тарыхый доорлордогу түрдүү элдер менен болгон карым-катнаштарынан, ал эмес тилдик мамиле-алакаларынан да кабар берип турат. Андыктан аталган эпостун курамындагы жер-суу аталыштарын ич ара тарыхый-лексикалык жана лексика-семантикалык жактан стратификациялоодо негизинен 5 катмарды байкоого болот. Атап айтканда: эң байыркы катмар, байыркы кыргыз катмары, монгол-кыргыз катмары, иран-араб катмары жана кийинки катмарларга ич ара ажырайт. Маселен, эң байыркы катмарга *Алай, Алтай, Шибер, Кангар, Кангай, Эрен* ж.б. кошсок, байыркы кыргыз катмарына *Жууку, Жылдыз, Булагасын, Талас, Кызарт, Кулжа, Текес, Ала-Көл, Көгарт, Аңырты, Чаткал* ж.б. кошууга болот. Кыргыз-монгол катмарына *Анжы, Долон, Көкө-Ноор, Шыйкуу, Нура, Нарын* ж.б., иран-араб катмарына *Кожент, Мургаб, Баргана, Бадахшан, Букара, Балх, Мисир, Меке, Кыйба, Медина, Багдад* ж.б. кирет. Ал эми кийинки катмарга *Кокон, Орто Азия, Ысык-Көл, Жамбыл, Олуя-Ата, Аксы* ж.б. жер-суу аталыштары кирет.

Деген Жолой эмеспи, Көгала майдан *Шибергe*Өнгөн Жолой эмеспи, (СК, 362-бет). Кармаш кылчу баатырга, *Кангайдагы* манжууга, Бээжин айдап сүрбөсөм, (СК, 181-бет). Ал *Жылдыздан* өткөн соң, Түзү токой, тоосу кар, Ала-Тоонун башы бар, (СК, 403-бет). Аман болсо Манасың Кең-Кол, *Талас* жер табат. «Атамдан калган мураа» - деп, Аргын, кыргыз эл табат. (СК, 120-бет). Созулган үлкөн суу кечип, Кыяз менен *Текести* Кыркалай басып келди эми. (СК, 249-бет).

Туура жагын караса Кара-Буура, *Чаткалы*Ай, жаныбар, кең Талас, Жер соорусу турбайбы, (СК, 546-бет).

Аты угулган *Букарга* Алааматты салам, - деп, (СК, 846-бет). Бу *Алты-Шаар, Маргалаң* Аяк жагы *Кокон* кан, Ордолуу шайык көк жөкөр Орчуну *Букар, Самаркан* (СК, 18-бет) ж.б.

“Манас” эпосундагы эң байыркы катмар *Алтай, Алай, Эртиш, Көңүз, Күйөр, Эрен, Ымалай, Кангар* (*кан-* бөлүгү байыркы доордо “дарыя” маанисин туюнканы маалым ), *Суусамыр, Музтаг* (муз тоо), *Талас, Шибер* (алтай тилинде *шибе* “ель”, демек *шибер*

“еловый местность”), *Текес, Иле, Эсил, Арт (арт* “перевал, горный перевал”), *Баласагун* (небольшое укрепление), *Узун-Агач* (*узун* “длинный”, *агач* “растуүее дерево”), *Кабак-Арт* (*кабак* “рытвина, впадина”), *Канас* (*кан* “река”), *Кырым* (“даль, дальняя страна”), *Каңды-Тоо* (*каң* “река”, *(ог)лы* “сын, человек”) ж.б. сыяктуу сөздөрдүн катмарынан куралган жана бул катмарга мүнөздүү аталыштар азыркы учурда көбүнчө өзүнүн семантикасынын күнүрттөнүп билинбей калышы менен, жана аларды уюштурган сөз жасоочу формантарынын сенектиги менен башка аталыштардан айырмаланып турат. Айталы: *Алтай* - Чыгыш Монголиядагы тоо кыркаларынын жалпы аталышы. Казак тилиндеги топонимдерди изилдеген А.Абдырахмановдун[1,16-б.] пикири боюнча *алтын* “золото” сөзүндөгү *–н* аффиксине *–ай//-й* аффиксининин жалгаштырылышынын натыйжасында *алтай* “золотой, золотая” формасы пайда болгонун белгилейт жана бул байыркы форма түрк-монгол тилдеринде *алт//алта* уңгусунда сакталып калган деп божомолдойт. Ошондой эле *Алай* байыркы санскрит жазуусунда “жилиүе, обитаемое место” дегенди, ал эми *Гималай* “жилиүе снегов” дегенди, *алайя* формасы “страна, место” жана *Алай өрөөнү* “пастбиүе”[2,69-б.] деген маанилерди туюнтканын окумуштуу К.Конкобаев көрсөтөт. Бирок азыр алардын семантикасы көпчүлүккө белгисиз болуп калган.

*Алтайдагы* кырк үйлүү,  
Кызыталак бул бурут  
Душман экен, кас экен, (СК, 1995, 2-том, 25-бет).  
Алган Кокон, *Алайды,*  
Аягы Букар, Ала-Көл  
Азыр баскан далайды. (СО, 1997, 4-том, 269-бет).  
Кадамы жетер Кырымга,  
Эни барар *Эртишке*, (СО, 1997, 4-том, 75-бет).  
Бирибиз кетип *Эренге*,  
Бирибиз кеттик ошондо  
Кайра чыпас тереңге! (СК, 1995, 2-том, 38-бет).  
Үч-Жыргалаң, *Көңүздү*  
Бойлой көчүп алды эми. (СК, 1995, 3-том, 208-бет).  
*Күйөр* менен Бышардан  
Күбүлүп чогуу айрылдык. (СК, 1995, 2-том, 60-бет).  
*Куланды* деген кудукка  
Кууп барган аскери (СО, 1997, 4-том, 324-бет).  
*Эски-Чамбыл* жердеген,  
Эзелден мыкты эр деген, (СК, 1995, 2-том, 130-бет).  
*Баласагун* бу да бар,  
Олуя-Ата, чоң Ташкен, (СО, 1995, 3-том, 27-бет).  
*Узун-Агач*, Чамалган,  
Ушунда киши бар го – деп,  
Суусун өрдөп бойлошуп, (СО, 1995, 3-том, 272-бет).

Манас” эпосундагы байыркы кыргыз катмарына байланыштуу жер-суу аталыштарына *Ала-Тоо* (*ала* “великий, громадный, большой”), *Аскачы* (аскалуу), *Балыгарт* (*балык* “шаар”, *арт* “ашуу”), *Барскан* (*барс* “тигр”, *кан* “река”) , *Жайык* (*жай* “стелить, разливать”, *-ык* этиштен зат атооч жасоочу мүчө), *Каркыра* (*кар* “тоо, тоо кыркасы”, *кыра* “кыр”), *Сөгөтү (сөгөт “*ива, тальник”, *-ты* атоочтон этишти жасоочу мүчө: *сөгөттүү*), *Корумду, Кулунду, Эки-Кемин, Чүй, Жууку* (алтай тилинде *дьуука* “овраг, ров”), *Түргөн, Төрткүл, Жайлак (жайлоо), Чаткал* (*чат* “впадина, дно между гор”, *кол* “долина”), *Ийрен, Элек* (*илек* “влага, вода”, *-лак//лек* формасы байыркы заттан сын атоочту уюштуруучу мүчө: *таш+-так*), *Баскан* (*бас* “главный”, *кан* “река”), *Ара-Талаа* (*арка* “запад”), *Кан-Жайлак, Кайнар* (родник, с силой бьюүий из земли), *Тоорокту, Эркеч-Там, Аңырты, Короготу, Куланды, Кажырты, Тоң, Тосор ж.б.* киргизе алабыз. Себеби жогоруда көрсөтүлгөн жер-суу аттарынын составындагы *–лак//лек, -лы, -ты, -ык*

топоформанттары байыркы түрк тилдериндеги сөз жасоочу мүчөлөр [1, 29-30-бб.] катары эсептелинет.

*Ала-Тоонун* башында
Аяк-башы ат чабым
Айдың чалкар көл көрдү. (СО, 1997, 4-том, 127-бет).
*Аскачыны* алыптыр,
Айдаркан шаар салыптыр, (СО, 1997, 4-том, 281-бет).
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө болгон жаңыдан (СК, 1995, 2-том, 224-бет).
Атакемдин *Кан-Жайлак*,
Зордук кылып, бербестен
Такыр тартып алыптыр. (СК, 1997, 3-том, 585-бет).
Баш жайлоосу – *Балыгарт*,
Турар жери мына бу. (СО, 1997, 4-том, 144-бет).
Башы *Барскан*, Сарканды
Туурасы Бабыл, Дарканды, (СО, 1995, 3-том, 54-бет).
Эдил, Жайык – эки суу,
Элиңдин чети мына бу. (СО, 1995, 3-том, 259-бет).
*Эркеч-Тамды* ашыптыр,
Кашкар каны Алабек
Төбөсүнөн басыптыр. (СК, 1998, 3-том, 254-бет).
Котондун бери жээгине,
*Тоороктуда* чынарга
Кабылан жетип конду эми. (СК, 1998, 3-том, 314-бет).
Атактуу суу *Аңырты*,
Кара-Корум, *Кажырты*, (СО, 1995, 3-том, 56-бет).

Эпостогу кыргыз-монгол катмарына мүнөздүү жер-суу аталыштары көбүнчө *мөрөн, кол, ноор, улан* ж.б.у.с. бирдиктердин жардамы аркылуу жасалат. Маселен: *Боом* (монгол тилинде *бом* “крутой и высокий мыс, скала”), *Көкөмерен* (*мөрун* “большая река”)*, Кара-Кол* (*кол* “өзөн, дарыя, агын суу” маанисин берет), *Тарагай* (*толагай* “холм, гора, вершина горы”), *Тарбагатай* (*тарвага “*сурок”, *-тай* заттан сын атоочту уюштуруучу мүчө), *Үкөк* (*үхег* “плоская гора”)*, Кулан-Булак, Үч-Жыргалаң, Дөрбөлжүн, Жыргалаң, Бура-Кужур* (*бур* “склон, скат”, *худжир* “солонец”)*, Босого* (тунгус-манжур тилдеринде *босого* “склон горы”)*, Боролдой* (*боро* “серый”)*, Көкө-Ноор, Нор* (*нор* “озеро”)*, Нарын* (*нарийн* “узкий”)*, Нура* (*нуура* “пропасть, обрыв, каменная осыпь”)*, Шор-Булак* (шор “солончак с малым количеством соли”), *Сайрам* (монголчо *царам* “горное плато, рытвина на склоне горы”, түркчө “мелкий, неглубокий”), *Бөрү-Кой (*монгол тилинде *бөрү* “склон, скат” маанисин, кыргыз тилинде *кой(-ын)* “лог, дно долины”)*, Дабан* (*даван* “перевал”)*, Сандык* (*сондок* “небольшой глинянный холм с обрывистыми стенками, поросший поверху кустарником”), *Долон, Кантон, Кара-Ноор, Тарса, Теңир-Ноор, Жайсаң-Суу, Сооса, Салаңгуу, Темир-Ноор, Челек* ж.б.:

Аяк жагы *Дөрбөлжүн,*
Тутуп калды Туткуйду, (СО, 1997, 4-том, 87-бет).
Суңшоонун башы *Тарагай*
Орго кандын эли эле, (СО, 1997, 4-том, 143-бет).
Үкөк экен коосу – деп,
Үйү-малын алыптыр,
Ушу күнгө жеткенче
*Үкөк* атка калыптыр. (СО, 1997, 4-том, 38-бет).
*Кулан-Булак* жайыктан
Кайра тартып калыптыр. (СО, 1997, 4-том, 325-бет).
Аскер менен жык толуп

Түп, *Жыргалаң* арасы, (СО, 1995, 3-том, 158-бет).
Тапкан жерин көрдүңүз
*Тарбагатай*, Шыйкууну, (СО, 1995, 3-том, 55-бет).
Эсил, *Нура* суусу бар,
Эсен-аман ушу бар. (СО, 1995, 3-том, 25-бет).
*Нарынды* айткан Суңшоо – деп,
Жиберген Манас буларды (СО, 1995, 3-том, 270-бет).
Көрүп жүрсүң өзүңөр
*Көкө-Ноор* көлүнү. (СО, 1995, 3-том, 55-бет) ж.б.

Аталган эпостогу жер-суу аталыштарынын ирандык катмарына *Сары-Арка, Сары-Талаа* (*сар* "верхняя часть"), *Кайып-Булак, Испара* (*пара* "сторона, край"), *Дара* (*дара* "үүелье, небольшая долина"), *Даркан, Дашуу* (*дашт* "равнина, ровное место"), *Жар-Базар, Чар* (узкое үүелье, теснина), *Багыстан* (*бог* "сад", *стон* "родина, край"), *Ноот* (суу түтүгү аркылуу атайы жасалган көл), *Сан-Таш* (*сан//санк* "большой одинокий камень"), *Бадакшан, Коросан* (*-шан* бир нерсенин мол, көп экендигин туюнтуучу туруктуу мүчө), *Аспан* (*ван* "длинный"), *Мургаб // Нургаб* (*мур* "ложбина"), *Кент* (город) жана *Самарканд, Ташкен, Ызар, Жоңгер-Кече, Анжиян, Даңгир, Жергент, Кабилстан, Коргон-Базар, Мар, Нааман, Кожент, Коросан, Бөрү-Кожо ж.б.*бир топ топоним, гидронимдер кирет:

Алтайдын бери жак бетинде,
*Сары-Талаанын* четинде, (СК, 1995, 2-том, 74-бет).
Алма-Коюр*, Чарыны,*
Абыдан алып баарыны,
*Жар-Базар*, Челек шаарыны,
Жалпы алыптыр баарыны, (СО, 1997, 4-том, 28-бет).
*Багыстанда* Жанай бар,
Багыш уулу Нанай бар, (СО, 1997, 4-том, 298-бет).
Эки-Баш элин албасын,
*Дарасынын* боюна
Кайып кан түшүп калбасын, (СО, 1997, 4-том, 145-бет).
*Ноот-Көлдөй* чык кылып,
Тоюна токсон сойдурду, (СК, 1998, 3-том, 385-бет).

"Манас" эпосундагы араб катмары *Адал-Булак, Кайып-Мазар, Мазар, Тал-Мазар, Барбар, Багдат, Бар-Көл* (*бирка > барка* "озерцо, пруд" ), *Аят-Көл, Жазийре, Багдат, Мухит, Медина, Меке, Муңия, Рабат, Биябан, Багуруп, Асемил, Бадамдуу, Жазийра, Жануп, Мисбуруш, Шам* ж.б. сыяктуу аталыштардын курамынан турат:

Аягы *Мазар* улуу шаар,
Батып жатар жериң бар! (СО, 1995, 3-том, 247-бет).
Семен-Дайра, *Аят-Көл*,
Селдей болгон каапырдын
Көпчүлүгүн карап көр. (СО, 1997, 4-том, 269-бет).

Ал эми эпостун курамындагы жер-суу аталыштарынын кийинки дооруна *Жамбыл, Азия, Кокон, Олуя-Ата, Орто Азия, Стамбул* ж.б. сыяктуу аттарды киргизүүгө болот. Себеби булар орто кылымдардан кийинки мезгилдерде эле пайда болгондугу тарыхый маалыматтардан улам бизге белгилүү.

Демек, ушул аталыштардын тарыхый-лексикалык жана семантикалык этимологиясы бирдей эмес, б.а. географиялык обьектини номинациялоодо рельефтик түзүлүшү, табияттын өзгөчөлөнгөн белгилери эске алынат. Атап айтканда: табияттын жагымдуу же жагымсыз аба-ырайына, жер шартынын суулуу, же таштуу, же кумдуу, же чөптүү, же дарактуу экендиги, мал багууга жайлуу же жайсыздыгы, дыйканчылыкка жарактуу же жараксыз экендиги ж.б.у.с. белгилерине да негизделет. Маселен: *Кум-Белес* "кумдуу бел, кумдуу ашуу", *Кара-Кум* "чоң, ири кум, зор талаа", *Арпа* "арпа, арпалуу", *Эчкилик* "эчки-текелүү тоо же аска-зоо", *Ала-Көл* "чоң көл", *Ала-Тоо* "бийик тоо, чоң тоо" ж.б.

Ошол чакта Калча кул, *Кум-Белести* ашты эми, (СК, 1180-бет). *Эчкиликтин* кара зоо, Мелбилдеген үлкөн тоо, (СК, 1678-бет). *Ала-Тоодой* эт болуп, *Ала-Көлдөй* чык болуп, (СК, 91-бет) ж.б.

Адам же жан-жаныбардын кайсы бир дене-мүчө бөлүгүнө рельеф формасынын окшоштугуна салыштыруунун негизинде да жер-суунун аттары коюлат, б.а. географиялык обьектинин адам же жан-жаныбар мүчөсүнүн сырткы түзүлүш формасына жана анын аткарган функциясына байланыштуу метафораланып ат ыйгарылат. Алсак: *Көкүрөк, Сары-Арка, Бөйрөк, Тал-Чоку, Куш-Мурун, Марал-Башы,Чанак, Ат-Башы, Көк-Шыйрак* ж.б.

*Көкүрөк*, Көк-Арт баарынан,
Кара-Алма кайкы белинен, (СО, 1980, 2-том, 206-бет).
Күн чыгышы Сары-*Арка,*
Күлдү баары казакта. (СО, 1980, 2-том, 15-бет).
Тал-*Чоку* бийик тоо экен,
Айланасы аска таш
Көз жетпеген зоо экен. (СК, 1998, 3-том, 566-бет) ж.б.
*Бөйрөк*, Ак-Чий боюнда,
Акчык деген ары тоо (СК, 1998, 3-том, 267-бет).
*Куш-Мурун* менен Кууррайды,
Куп көргөнбүз мындайды, (СО, 1995, 3-том, 120-бет).
*Марал-Башы*, Долонду,
Баарын алып олорду. (СО, 1995, 3-том, 118-бет).

"Манас" эпосундагы жер-суу аталыштарынын айрым бөлүгү адам турмушундагы мал чарбачылык, аңчылык, дыйканчылык кесиптерине байланыштуу да пайда болгону байкалат: *Ат-Жайлоо, Мамырдын сазы, Алмалуу-Кыя, Теректүү, Кулан-Жайлак, Өгүз-Ашуу, Өгүз-Кечүү, Тай-Ашуу, Эчкили, Кулжа, Аюу-Тоо, Ат-Кулак, Марал-Кечүү, Эчки-Өлбөс, Үч-Куш, Ит-Өлбөс, Төө-Жүрбөс ж.б.:*

Өйдө чети элиндин
*Өгүз-Кечүү*, Калканда, (СО, 1995, 3-том, 259-бет).
*Ит-Өлбөстүн* какыр чөл
Желген чоро бар бекен? (СК, 1998, 3-том, 532-бет) ж.б.
*Бөрү-Койдун* чаркына,
Ит-Өлбөстүн кырына
Эрендер жетип илинип, (СК, 1995, 2-том, 55-бет).
*Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу*
Катар ашып келди эми, (СК, 1995, 2-том, 208-бет) ж.б.у.с.

Кыскартып айтканда, "Манас" эпосундагы жер-суу аталыштарын тарыхый-этимологиялык аспектиден изилдөө аракети тилдеги байыркы субстраттык катмарларды аныктоого өбөлгө түзөт. Анткени ар кайсы доорлордо тилде активдүү колдонулган жер-суу аталыштары ошол кездегидей калыбында туруктуу сакталып калуусу менен да башка лексика-семантикалык топтордон айырмаланып турат. Ошол себептен бир катар окумуштуулар тарабынан бул маселенин үстүндө илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп келген, атап айтканда: Б.М.Юнусалиев, К.К.Юдахин, Ш.Жапаров, Д.Исаев, К.К.Конкобаев, Н.Жапаров, М.С.Шамшиева, Н.Р.Акматов ж.б. илимпоздор Кыргызстандын топонимикасы, гидронимдери боюнча өздөрүнүн изилдөөлөрүн жүргүзүшүп, бул маселеге тиешелүү илимий-теориялык тыянактарын чыгарышкан. Ошондой болсо да, ушу тапта "Манас" эпосунун лексикасында орун алган жер-суу аталыштарынын тарыхый-лексикалык катмарларына диахрондук жана синхрондук аспектиден изилдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу кыргыз элинин тарыхын, маданиятын туура баамдоого негиз түзүп, анын тилинде мурунку учурларда болуп өткөн лексика-семантикалык процесстердин мыйзам ченемдүү кубулуштарын терең аңдап түшүнө алабыз.

**Адабияттар**


1. Абдрахманов А. Историко-этимологическое исследование топонимов Казахстана. Научный доклад на соискание ученой степени доктора филол.наук. –Алма-Ата, 1991.
2. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. –Ф.: Илим, 1980.
3. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 3-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. –Бишкек: Кыргызстан, 1995.
4. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. –Бишкек: Шам, 1997.
5. Манас: Баатырдык эпос. С.Каралаевдин варианты боюнча. –Бишкек: Турар, 2010.
6. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. 2-китеп. –Бишкек: Кыргызстан, 1995.
7. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. 3-китеп. –Бишкек: Шам, 1998.
8. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. –Бишкек: Шам, 1997.
9. С.Орозбаковдун варианты боюнча. “Манас”. 2-том. –Фрунзе: Кыргызстан, 1980.